2000-40

ҚЫРГЫЗ РЕСПУБЛИҚАСЫНЫН
ИЛИМДЕР УЛУТТУҚ АҚАДЕМИЯСЫ

ТАРЫХ ИНСТИТУТУ

Қол жазма укугунда

УДҚ 947(575.2),(043.3)

ЖОЛДОШОВ РЫСҚУЛ

# ҚЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЭТНИҚАЛЫҚ ТАРЫХЫН ИЗИЛДӨӨДӨ ГЕНЕАЛОГИЯЛЫҚ УЛАМЫШТАРДЫН МААНИСИ

Адистиги: 07.00.02. — Қыргызстандын тарыхы
07.00.07. — Этнология

Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

Бишкек — 2000

Диссертация Кыргыз Республикасынын Илимдер Улуттук Академиясынын Адабият жана көркөм өнөр институтунун Кол жазмалар жана жарыялоо, Тарых институтунун Кыргызстандын байыркы мезгилден XIX кылымдын аягына чейинки тарыхы бөлүмдөрүндө аткарылды.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчиси:** | тарых илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын илимине эмгек сиңирген ишмер **КАРАЕВ Өмүркул Караевич.** |
| **Расмий оппоненттер:** | тарых илимдеринин доктору, профессор **БАКТЫГУЛОВ Ж. С.** тарых илимдеринин кандидаты **ӨМҮРБЕКОВ Ч. К.** |
| **Жетектөөчү мекеме:** | Бишкек гуманитардык университетинин Чыгыш таануу жана эл аралык мамилелер факультети. |

Коргоо 2000-жылдын « 7 » апрелинде саат 14⁰⁰ до Кыргыз Республикасынын Илимдер Улуттук Академиясынын Тарых институтуна караштуу тарых илимдеринин докторлук (кандидаттык) диссертацияларды коргоочу Д.07.00.99 Адистештирилген кеңештин жыйынында өткөрүлөт.

Дареги: 720071, Бишкек ш., Чүй проспектиси, 265 а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Илимдер Улуттук Академиясынын Борбордук китепканасында таанышса болот.

Автореферат 2000-жылдын « 3 » мартта таркатылды.

*Адистештирилген кеңештин окумуштуу катчысы, тарых илимдеринин доктору, профессор* *И. Б. МОЛДОБАЕВ*

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Диссертациялык иште кыргыз элинин орто кылымдардагы этникалык тарыхын талдоо үчүн негизги булак катары генеалогиялык уламыштар пайдаланылып, алар түрдүү тарыхый булактар менен салыштырылып иликтенди. Анда тарых илиминин эки тармагына тиешелүү аспектидеги изилдөөлөр жүргүзүлөт. Биринчисинде орто кылымдардагы этникалык маселелерди камтыган тарыхый окуялар каралса, аларды ачып берүү үчүн негизги булактык кызмат өтөгөн генеалогиялык уламыштарды иликтөө — экинчи багыттагы этнологиялык изилдөөнү түзөт. Ошондуктан ишти жалпысынан тарыхый-этнологиялык изилдөө деп мүнөздөөгө болот.

**Теманын актуалдуулугу.** Кыргыз элинин этникалык тарыхын изилдөө — кыргыз тарыхында гана эмес, жалпы түркология илиминдеги ири проблемалардын бири. Илимдин бул тармагында көптөгөн көрүнүктүү окумуштуулар изилдөөлөрдү жүргүзгөнү менен, али да талаш суроолор арбын. Андагы бир катар чечүүчү маселелер боюнча бирдиктүү пикир жок. Аларды тактоодогу башкы кыйынчылык орто кылымдагы кыргыз элинин тарыхын маалымдаган жазма даректердин аздыгына, ошондой эле археологиялык, этнологиялык, фольклордук, лингвистикалык материалдардын толук иштелип чыкпагандыгына байланышкан. Белгилүү болгондой, кыргыз эли тарыхый жазмаларды калтырбаган, бирок өтө бай оозеки тарыхый билимди кийинки муундарга мурастаган. Тарыхый булактардын тартыштыгы орто кылымдагы кыргыз тарыхын изилдөөгө элдик оозеки маалыматтарды пайдалануу зарылдыгын шарттайт. Бул жөнүндө белгилүү изилдөөчүлөр — өткөн тарыхында жазмалары сакталбаган же жазмага жаңы жеткен элдердин тарыхын изилдөөдө элдик оозеки тарыхый маалыматтар булак катары зор мааниге ээ болорун белгилешип, аларды пайдаланбай туруп этникалык тарыхка илимий иликтөө жүргүзүү мүмкүн эмес экендигин баса көрсөтүшкөн [1]. Адис изилдөөчүлөрдүн бул көз караштары орто кылымдагы жазма булактарга жарды кыргыз элинин этникалык тарыхын тактоодо элдик оозеки маалыматтарды, анын ичинде генеалогиялык уламыштарды да ар тараптан изилдеп, тарыхый-этнологиялык маанилүү булак катары изилдөө иштерине пайдалануунун актуалдуулугун аныктайт. Мындай изилдөө-

[1] *Абрамзон С. М., Потапов Л. П.* Народная этногония как один из источников для изучения этнической и социальной истории: (На материале тюркоязычных кочевников) // Сов. этнография. — 1975. — № 6. — 29—30-б.

лөрдөн алынган жыйынтыктар жазма булактарда сейрек жолуккан маалыматтарга туура илимий интерпретация жүргүзүүгө көмөк көрсөтөт.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин негизги максаты — генеалогиялык уламыштардын булактык мүмкүнчүлүктөрүн ачуу жана аларды кыргыз элинин этникалык тарыхындагы проблемаларды чечүүгө колдонуу болуп эсептелет. Бул максатка жетүү үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюлду:

— генеалогиялык уламыштардын кыргыз тарыхы илиминдеги ордун аныктоо;

— кыргыздардын келип чыгышы жөнүндөгү уламыштарды классификацияга алуу жана алардын ичинен байыркы түшүнүктөрдүн негизинде жаралган элдик эски уламыштарды бөлүп чыгаруу;

— иргелген уламыштардын алгачкы башатын, жаралуу доорун тактоо;

— генеалогиялык уламыштардагы маалыматтарды тарыхый булактардагы фактыларга салыштырып изилдөө менен, кыргыз элинин түпкү тегин жана этногенетикалык байланыштарынын изин ачып берүү.

**Коргоого сунушталган гипотезалар.** Генеалогиялык уламыштарды иликтөө — көптөгөн көрүнүктүү окумуштуулардын кыргыз элинин түпкү теги, байыркы кыргыздар менен этногенетикалык байланышта тургандыгын көргөзгөн илимий гипотезаларынын тууралыгын дагы бир жолу аныктады. Ушуга байланыштуу төмөндөгүдөй гипотезалар коргоого коюлат:

— элдик этногенетикалык уламыштардын өзөгү кыргыз элинин тарыхындагы окуялардын базасында пайда болгон;

— оозеки уламыштар түрдүү тарыхый доорлордо жаралган. Алардын арасында байыркы мезгилден бери айтылып келген уламыштар жолугат;

— кыргыз элиндеги байыркы уламыштардын жаралуу доору — орто кылымда Борбордук Азияны мекендеген урууларын генеалогиялык түшүнүктөрү менен байланышат;

— уламыштык материалдар боюнча кыргыз этносунун калыптануу процессине катышкан этникалык компоненттеринин бирин орто кылымдагы кыргыз уруулары түзөт;

— генеалогиялык уламыштарда кыргыз элине тектеш жана аларга аймакташ жашаган этностор менен болгон этномаданий карым-катнаштардын изи чагылдырылат.

**Изилдөөнүн географиялык жана хронологиялык алкагы.** Диссертацияда Түштүк Сибирден Теңир-Тоого чейинки географиялык аймакта болуп өткөн, кыргыз элинин орто кылымдардагы этногенезине жана этногенетикалык байланыштарына тиешелүү тарыхый процесстер чагылдырылган генеалогиялык уламыштардагы маалыматтар изилденди.

**Изилдөөнүн илимий жаңычылдыгы.** Аткарылган эмгекте, кыргыз тарыхнаамасында биринчи жолу генеалогиялык уламыштарга диссертациялык иштин деңгээлинде изилдөө жүргүзүлүп, алардагы маалыматтар кыргыз элинин этникалык тарыхын тактоого колдонулду. Изилдөөдөгү негизги илимий жаңычылдыктар катары төмөнкүлөрдү белгилөөгө болот:

— кыргыз элинин этногенетикалык уламыштары алгач ирет комплекстүү изилдөөгө алынып, булактык мүмкүнчүлүктөрү ачылды жана алардагы этногониялык маалыматтар илимий айлампага киргизилди;

— кыргыз элинин келип чыгышы жөнүндөгү уламыштарга илимий классификациялоо жүргүзүлүп, өзөктүк маанилери боюнча он түркүмгө ажыратылды. Ар бир түркүмгө кирген уламыштык топтордун пайда болуу жана оозеки маалыматтарга кирүү жолдору иликтенди. Алардын арасында бир нече кылымдардан бери айтылып келген байыркы уламыштар бар экендиги аныкталды;

— иргелген байыркы уламыштык мотивдердин жаралышы орто кылымда Борбордук Азияны мекендеген түрк тилдүү уруулардын генеалогиялык түшүнүктөрү менен байланышкандыгы ырасталды;

— изилдөөдө алгачкы жолу «кырк кыз» уламышындагы негизги мотивдер орто кылымдардагы кыргыз урууларынын генеалогиялык жана тотемдик көз караштарынан жаралгандыгы далилденип, башка булактар аркалуу белгилүү болгон байыркы жана азыркы кыргыздардын ортосундагы этногенетикалык байланыштардын изи, уламыштык маалыматтар боюнча да толукталды;

— генеалогиялык уламыштарда кыргыз элине тектеш жана аларга аймакташ жашаган этностор менен болгон этномаданий байланыштарды кабарлаган фактылар бар экендиги такталды.

**Диссертациялык иштин илимий-практикалык мааниси.** Диссертацияны кыргыз элинин орто кылымдардагы этникалык тарыхына кызыккан жана булак таануучулук иликтөөлөрдү жүргүзгөн окумуштуулар илимий адабият катары пайдаланса болот. Андагы тыянактар келечектеги изилдөөчүлөрдүн илимий-теориялык базасын өстүрүүгө салым кошот. Изилдөө материалдары Кыргызстандын тарыхы боюнча жалпылоочу эмгектерди жазууда, жогорку жана орто окуу жайларындагы Ата-мекендин тарыхы сабагына окуу куралдарын

түзүүдө, дарстарды, семинарларды, атайын курстарды уюштурууда практикалык көмөк көрсөтөт.

**Изилдөөнүн апробациядан өтүшү.** Диссертациялык иштин негизги жоболору жана жыйынтыктары төмөнкү илимий форумдарда апробацияланды: С. Орозбак уулунун 125 жылдык маарекесине арналган илимий-практикалык конференция (октябрь 1992, Бишкек), «Манас» эпосу жана дүйнө элдеринин эпикалык мурасы» Эл аралык симпозиум (август 1995, Бишкек), «Кыргызстан — биздин Ата-мекен» илимий-практикалык конференция (июнь, 1996, Бишкек), «Сорос-Кыргызстан» фонду уюштурган «Гуманитарные науки без идеологии: методология конференции открытого общества» Эл аралык илимий семинар (декабрь 1996, Бишкек), «Шабдан баатыр жана анын кыргыз тарыхындагы орду» илимий-практикалык конференция (апрель 1998, Кемин р-ну, Алтымыш айылы), «Түрки өркениети: тарихы, бүгинги жагдайы жане болашагы» Эл аралык конференция (май 1998, Алматы), «Кыргызстандын азыркы коомдук турмушу жана тарыхый традициялары» илимий-практикалык конференция (декабрь 1998, Бишкек), «Улуу жибек жолу жана азыркы учур» илимий-теориялык конференция (май 1999, Бишкек), «Түркстандагы Караханилерге 1000 жыл» Эл аралык конференция (июнь 1999, Бишкек). Шабдан баатырдын 160 жылдык маарекесине арналган Эл аралык конференция (август 1999, Бишкек) жана Ош шаарынын 3000 жылдыгына арналган «Ош жана Фергана тарыхый келечекте» Эл аралык конференция (сентябрь 1999, Бишкек).

Диссертация Кыргыз Республикасынын Илимдер Улуттук Академиясынын Тарых институтундагы Кыргызстандын байыркы мезгилден XIX кылымдын аягына чейинки тарыхы жана Археология-этнология бөлүмдөрүнүн биргелешип өткөрүлгөн жыйынындагы (14-декабрь, 1999) талкууда жактырылып, коргоого сунушталды.

**Проблеманын изилдениш деңгээли.** Кыргыз элинин этникалык тарыхын тактоодо генеалогиялык уламыштарга атайын изилдөөлөр жүргүзүлбөсө дагы, алар тарых булагы катары колдонулуп келген. XIX кылымдагы орус ориенталисттери Ч. Ч. Валиханов, М. И. Венюков, А. И. Бардашев, А. Голубев, Г. С. Загряжский, В. В. Радлов, В. Наливкин, А. Ф. Костенко, Н. И. Гродеков, А. А. Аристов, А. Диваев, Н. Ф. Ситняковский жана башкалар чогулткан элдик оозеки материалдардын арасында көптөгөн генеалогиялык уламыштар кездешет. Булардын ичинен кыргыз генеалогиялык уламыштарын изилдеген биринчи окумуштуу катары Ч. Ч. Валихановду



эсептесе болот. Анын 1861-жылы жарыяланган «Очерки Джунгарии» макаласында жана кыргыз элинин оозеки маалыматтарын камтыган көлөмдүү кол жазмасында «кырк кыз» уламышын орто кылымдагы түрк-монгол көчмөндөрүнүн уламыштык мотивдери менен салыштырып, жаралыш теги боюнча «өтө байыркы» уламыш экендигин көрсөткөн. Ч. Ч. Валихановдун уламыштык маалыматтарды тарыхый булак катары пайдалануусунун негизинде, кыргыз эли Теңир-Тоону XVIII кылымга чейин эле мекендегендигин далилдеши, өз мезгилинде зор илимий жаңылык болгон. Н. А. Аристовдун изилдөөсүндө кыргыз уламыштары, уруулук этнонимдер менен тамгалары кеңири колдонулган. Анын макалалары кыргыз элинин этникалык тарыхын изилдөөдөгү негизги булактардын катарында турат. XIX—XX кылымдардын аралыгындагы алгачкы кыргыз тарыхчылары О. Сыдыков, Б. Солтоноев, Ы. Абдырахманов жана башкалардын эмгектери кыргыз санжырасынын базасында иштелген.

Совет мезгилиндеги Г. Е. Грумм-Гржимайло, А. Сыдыков, Б. Жамгерчинов, С. Ильясов, А. Хасанов, К. И. Петров, Ө. Караев ж. б. тарыхчылардын эмгектеринде генеалогиялык уламыштар түздөн-түз изилденбегени менен, алардагы айрым элементтер булак катары колдонулат. Мындай көрүнүш кытайлык кыргыз тарыхчысы А. Байтурдун чыгармаларына да мүнөздүү. 1950-жылдары СССР Илимдер Академиясы уюштурган кыргыз археологиялык-этнографиялык экспедицияларынын натыйжасында, республиканын аймагындагы уруу-уруктардын этникалык структурасы, алардын жайгашуусу жана көптөгөн генеалогиялык маалыматтар жыйналган. Экспедициянын жыйынтыгы боюнча Кыргызстандын түштүк аймагындагы уруу-уруктардын жайгашуусу жана алардын генеалогиялык түзүлүшү тууралуу жазылган макаланы Я. Р. Винников, ал эми Түндүк Кыргызстандыгы кыргыздардын этникалык курамы жөнүндөгү макаланы С. М. Абрамзон иштеп чыгышкан.

С. М. Абрамзондун бир катар илимий макалаларында жана анын жыйынтыктоочу эмгеги болгон «Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи» деген монографиясында генеалогиялык уламыштарды тарых булагы катары пайдалануунун илимий-теориялык базасы негизделген. И. Б. Молдобаевдин изилдөөлөрүндө башкы тарыхый булак катары элдик эпостордогу, өзгөчө «Манас» эпосундагы этнологиялык маалыматтар колдонулат. Эгемендүүлүк мезгилинде кыргыз санжырасына жана андагы элдик уламыштарга анализ жасоого арналган алгачкы эмгекти С. А. Аттокуров жа-

ыкмалар боюнча иликтөө иштери жүргүзүлүп, алардын кээ бир сапаттары аныкталды. Аларга кыргыз уламыштарындагы маалыматтардын салыштырма туруктуулугу, көп катмардан турушу, фольклордук көркөмдөө каражаттарынын колдонулушу ж.б.у.с. мүнөздүү. Буларга кыргыздардын генеалогиялык уламыштарында тарыхый реалдуулукту чагылдыруу мезгилдеринин хронологиялык алкактарга бөлүштүрүү мүмкүнчүлүгүнүн болушу жана оозеки уламыштар менен жазма китептердеги маалыматтардын бири-бирине тийгизген таасирлери сыяктуу өзгөчөлүктөрү кошулат. Ошону менен бирге уламыштардын коомдук аң-сезимдин туундусу катары саясий, социалдык, маданий ж.б. кырдаалдарга карата өзгөрүүлөрүн эске алуу менен, аларды башка булактык фактыларга салыштырып изилдөөнүн натыйжасында гана тарыхый-этнологиялык булак катары пайдаланууга болот. Мындай иликтөөлөрдүн жыйынтыгында кыргыз элинин орто кылымдагы тарыхын, өзгөчө этникалык жана маданий байланыштарын ачып берүүдө генеалогиялык уламыштардын өзөгүндөгү маалыматтар маанилүү булактык милдетти өтөөрү такталды.

Экинчи параграфта «Кыргыздардын этникалык башаты жөнүндөгү элдик уламыштардын түркүмдөрү» деген маселе каралды. Кыргыз элинин келип чыгышы жөнүндөгү уламыштарды кыргыз тарыхы илиминде алгачкы жолу түркүмдөргө (классификациялоо) бөлүштүрүү иши жүргүзүлүп, жыйынтыгында уламыштар өзөктүк маанилерине карай он топко ажыратылды жана алардын пайда болуу процесси иликтенди. 1) «Кырк кыз» уламыштар цикли. 2) Санжыралык салтуу уламыштар. 3) Санжыралык салттуу уламыштардын исламдашкан түрмөктөрү. 4) Кыргыз элин Түрк-атадан («Угуз-хан») тараткан уламыштар. 5) «Кыргыз» этнонимин чечмелөөгө байланышкан уламыштар. 6) «Кырк уруу кыргыз» уламышы. 7) Кыргыздардын келип чыгышын эпикалык каармандар менен байланыштырган уламыштар. 8) Кыргыз элинин аты байыркы мезгилдеги «кыргыз» деген элдин атынан пайда болгондугу жөнүндө уламыш. 9) Тарыхый китептердин таасириндеги уламыштар. 10) Бөлүнгөн түркүмдөргө кирбеген уламыштар.

«Кырк кыз» уламыштар тобунун өзөгүндө кыргыз элинин ислам динине чейинки көз караштарын чагылдырган, мифоэтникалык мазмундагы мотивдер турат. Аларды байыркы коомдогу генеалогиялык түшүнүктөрдүн калдыгы катары баалоого болот. Санжыралык салттуу уламыштар тобунда кыргыз элинин келип чыгышы — патриархалдык традицияга негизделген кыргыз санжырасынын принциптерине ылайык, түпкү



бир атадан таратылып көрсөтүлөт. Булар «кырк кыз» уламышы же ошого окшогон эски уламыштык мотивдер менен чүмбөттөлгөн «кыргыз» этнонимине байланышып, жалпы элдин аты Кыргыз (Кыргыз бай, Кыргыз-хан) деген легендалуу түпкү атанын деңгээлине жеткирилет. Уламыштардын исламдашкан түрмөгү кыргыз элинин ислам динин кабыл алышы менен, алардын коомдук ой жүгүртүүлөрүнө диний жоболордун киргендигинен пайда болгон. Санжыралардагы кыргыздарды Түрк-атадан же Угуз-хандан тараткан уламыштар, орто кылымдагы мусулман авторлорунун чыгармаларындагы маалыматтардын таасиринде жаралган. Себеби, байыркы түшүнүктү камтыган кыргыз элинин жаралыш теги жөнүндөгү эски уламыштардын ислам дининин жоболоруна шайкеш келбей калгандыгына жана алардын коомдук кийинки көз караштарда шылдың иретинде интерпретацияланган формасына ыза болгон кыргыз өкүлдөрү элдин тарыхын тактоо үчүн мусулман авторлорунун эмгектерине кайрылышкан. Аларда түрк элдеринин таралышы, көрсөтүлгөн уламыштардагыдай жазылган фактылар учурайт. Бешинчи топтогу элдин башатын «кыргыз» этнонимин чечмелөө аркасында түшүндүрүүгө аракеттенген уламыштар, жогоркудай эле абалдын негизинде келип чыккан. Алар «кыргыз» этнониминин этимологиясын «кыркез», «кырогуз», «кыркыр» ж.б. түрдү сөз айкаштары аркалуу чечмелеген элдик комментарийлер болуп, салыштырмалуу кийинки убакта жаралган. «Кырк уруу кыргыз» уламышынын түпкү теги мифтик, легендалык түшүнүктөргө негизделген «кырк кыз» уламышына жакын туруп, аларда кырк кыздын тукуму кырк урууга айланат. Кыргыз элинин келип чыгышын эпикалык каармандар менен байланыштырган уламыштар — салттуу генеалогиядагы эски уламыштык мотивдердин элдин талабына жооп бербей калышы менен, аларды жаңылоодо элдин башатын өтө белгилүү «Манас» эпосунан издөөгө негизделген. Кыргыз элинин аты байыркы мезгилдеги элдин атынан пайда болгондугу жөнүндөгү уламыштагы маалымат, элдин эсинен чыккан уламыштардын калдыгы катары бааланат. Тогузунчу топко бириктирилген тарых китептеринин таасириндеги уламыштардын тамыры эки катмардан турат. Алар биринчи катмардагы традициялуу элдик уламыштарга, илимий китептердеги маалыматтардын негизинде жакынкы аралыктарда гана уламыштык мотивдерге айланган экинчи катмардын аралашууларынан түзүлгөн. Акырында, бөлүнгөн түркүмдөргө кирбеген уламыштарга эл арасында кеңири тарабаган, анча белгилүү эмес же жөнөкөй түшүндүрмөлөрдөн турган уламыштар топтолду. Классификацияланган уламыш-

шынын алгачкы башаты байыркы көчмөн урууларды генеалогиялык традициялары менен биримдикте тургандыгын көргөзөт. Салыштырып талдоо жүргүзгөндө, кыргыз элинде өтө байыркы түшүнүктөрдөн жаралган мотивдер жалаң гана «кырк кыз» уламышында эмес, фольклордук башка маалыматтарда дагы сакталгандыгы аныкталды. Мисалы, VII—VIII кылымдардагы түрк-рун жазууларында эскерилген «Умай-эне», же болбосо алгачкы жолу б. з. башындагы окуяларда баяндалган «жай таш» (йада) жөнүндөгү миф сыяктуу, бир катар байыркы түшүнүктөр кыргыз фольклорунда XX кылымга чейин айтылып келгендиги — «кырк кыз» уламышынын байыркылыгын толук ырастайт.

«Кырк кыз» уламышы боюнча этногенетикалык байланыштар» деп аталган экинчи параграфта уламыштык маалыматтар аркалуу кыргыз элинин этникалык тарыхына талдоо жасалды. «Юань-шидеги» «кырк кыз» уламышынын алгачкы версиясы орто кылымдардагы кыргыз урууларынан жазылып алынышы, кыргыз элинин түпкү теги алар менен байланышта тургандыгын көрсөтөт. XI кылымда Гардизи жазып калтырган кыргыздардын жаралыш теги жөнүндөгү уламышта, алардын түпкү атасынын ылакап аты «ит» («сак») деген сөздөн чыгып, «Саклаб» деп аталат. Себеби Саклаб кичинесинде сокур болуп, иттин кулагын кармап басып, анын сүтү менен чоңойгон. Кийин иттин көздөрүн алып, сокур болбой калат. Мындан «кырк кыз» уламышындагы тотемдик жаныбар — итке байланышкан мотив, түздөн-түз орто кылымдардагы кыргыздардын генеалогиялык уламыштарындагы традициянын негизинде жаралгандыгын айтууга болот. Ошол эле Гардизинин уламышындагы кыргыздардын түпкү атасынын иттин эмчегин эмгендиги жөнүндөгү түшүнүктүн калдыктары, азыркы кыргыз элинин уламыштарында айрым уруу-уруктардын түпкү аталары иттин сүтү менен чоңойгондугун баяндаган маалыматтардан көрүнөт. Бул түшүнүк кыргыз элинде кичинекей балдар токтобосо атайын колдонула турган ырым катары да, XX кылымга чейин келип жеткен. Бул сыяктуу тотемдик салттын издери кыргыздардын сары итти ыйык жаныбарлардын катарына кошкондуктары жана ит өлгөндө оозуна май салуу ж.б. ырым-жырымдарында жолугат. Орто кылымдагы кыргыздар жөнүндөгү уламыштарда итти тотемдик жаныбар иретинде көрсөткөн маалыматтарды археологиялык табылгалар да бекемдейт. Минусин өрөөнүнөн X—XII кылымдарга таандык кыргыздардын ит менен кошо коюлган көрүстөндөрү табылган. Мындан сырткары байыркы кыргыздардын Енисей боюнда сакталып калган өкүлдөрү катары



эсептелген, XVI—XVII кылымдардагы сибирлик кыргыздардын ырым-жырымдарында итке жасалган культтук мамилелердин элементтери жолуккан. Мисалы алар ант бергенде итти бөлө чабышып, эки бөлүктүн ортосунан өтүшкөн. Айрым мезгилде иттин ысык канын ичип касам кармашкан. (Ислам дининдеги адамдардын ыйык китеп «куранды» кармап ант бергени менен салыштырыңыз). Бул фактылар «кырк кыз» уламышындагы башкы мотивдер байыркы кыргыздардын тотемдик-генеалогиялык түшүнүгүнөн пайда болгондугун көрсөтүү менен, азыркы кыргыз элинин этникалык башатында алардын тургандыгын ырастайт. Ошондуктан байыркы кыргыз уруусунун тарыхындагы кээ бир окуялар «кырк кыз» уламышында чагылган. Алсак, уламыштын айрым вариантындагы «ала эл» жөнүндөгү маалымат — орто кылымдарда кыргыздарга аралашып, аларга европеид түспөлүн беришкен «ала эл» алакчындарды (кытай жазмаларында «бома», «динлин») туюнтушу ыктымал.

«Кырк кыз» уламышында кыргыз элинин байыркы кыргыздардан башка этностор менен болгон этногенетикалык байланыштарынын издери жолугат. Уламыштын кээ бир варианттары XIX кылымда казак элинен жыйналгандыгы кыргыз-казак элдеринин жалаң эле коншулаш жашагандыгынан эмес, алардын баштапкы тектештиги менен, өз ара этногенетикалык байланыштарынан жаралгандыгын көрсөтүшү мүмкүн. Себеби бул элдердин курамында байыркы кыргыздарга тиешелүү этностук топтордун болушу толук ыктымал. Ошондой эле Батыш Монголиядагы «хотон» же «бусурман» деп аталган чакан этностун, ала-тоолук кыргыздардай эле өзүлөрүнүн жаралыш тегин «кырк кыз» уламышы менен түшүндүрүшү, алардын этногенетикалык байланышын күбөлөйт.

**Корутундуда** изилдөөнүн негизги тыянактары чыгарылды. Генеалогиялык уламыштарга тарыхый аспектидеги изилдөө жүргүзүүдө кыргыз элинин башаты байыркы кыргыз уруулары менен байланышта тургандыгы такталып, алар этностун калыптанышына катышкан компоненттердин бирин түзөөрү аныкталды. Албетте, байыркы кыргыздардын этникалык процессте ээлеген ордун өзгөчөлөөгө эч кандай зарылчылык жок. Бирок кыргыз элинин орто кылымдагы кыргыздар менен болгон этникалык байланышын иликтөө татаал маселелердин бири болуп, көп жылдар бою талаш пикирлерди жаратып келе жаткандыгы менен белгилүү. Диссертациялык иштеги этнологиялык фактылар, изилдөөчүлөрдүн басымдуу көпчүлүгү түрдүү тарыхый булактар аркалуу байыркы жана азыркы кыргыздардын байланыштарын аныктоого жасаган ара-

кеттерине көмөкчү кызмат өтөйт. Экинчиден, изилдөөнүн жыйынтыктары генеалогиялык уламыштардын этникалык тарыхтагы проблемаларды чечүүдө тарыхый жана этнологиялык маанилүү булактардын бири катары кызмат өтөй тургандыгын көрсөттү.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ ЖОБОЛОРУ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ИЛИМИЙ МАКАЛАЛАР


1. Тагай-бий тарыхый инсанбы? // Мурас. — 1991. — № 2. — Б. 23—24.
2. С. Орозбак уулу тарыхчы-санжырачы // Манасчылар — кыргыз элинин руханий инсандары. — Бишкек, 1993. — Б. 69—71.
3. Ормон-хан баяны // Кыргызстандын тарыхы боюнча методикалык көрсөтмөлөр жана программалык материалдар (I—XIX кк.). — Бишкек, 1994. — Б. 51—82.
4. Миф, мифология, этнография // Манас энциклопедиясы. — Бишкек, 1995. — Т. 2. — Б. 106—107; 375—377.
5. Кыргыз элинин генеалогиясы «Манас» эпосунда // «Манас» эпосу жана дүйнө элдеринин эпикалык мурасы: Эл аралык симпоз. тез. Бишкек ш., 27—28-авг. 1995-ж. — Бишкек, 1995. — Б. 33—35.
6. Могулистан доору кыргыз уламыштарында // Кыргызстан — наше Отечество: История взаимосвязей и упрочения единства народа Кыргызстана в современных условиях становления независимого государства. — Бишкек, 1997. — Б. 15—16.
7. Уруулук түзүлүш жана этногенетикалык уламыштар // Фольклордун жанрдык табиятындагы салттуулук жана жекечелик өзгөчөлүктөрү. — Бишкек, 1998. — Б. 123—135.
8. «Угуз-хан» этногенетикалык уламышында кыргыздардын орто кылымдардагы тарыхынын чагылышы // Изучение древнего и средневекового Кыргызстана. — Бишкек, 1998. — Вып. 1. — Б. 50—53.
9. Кыргыз этносаясий уюмундагы жалпы түрк маданиятынын белгилери // Каз. Мам. Ун-т хабаршысы. Тарых сер.: Бекмаханов окулары «Түрки өркениети: тарихы, бүгiнгi жагдайы жана болашагы» атты халыкаралык конф. материалдары, Алматы ш., 21—23 мамыр 1998 ж. — 1998. — № 9. — Б. 74.
10. Нарын кыргыздарынын санжырасы // Нарын облусу: Энциклопедия. — Бишкек, 1998. — Б. 309—311.





11. Генеалогиялык уламыштардын кыргыз тарыхындагы этномаданий проблемаларын чечүүдөгү мааниси // Суверенный Кыргызстан: проблемы традиций и социальной целостности. — Бишкек, 1999. — Б. 50—63.
12. Оң канат жана сол канат этнодуалдык уруулук уюму // Новое о древнем и средневековом Кыргызстане. — Бишкек, 1999. — Вып. 2. — Б. 90—92.

## SUMMARY

**RYSKUL JOLDOSHOV**

**«Significance of Genealogical Legends in the Study of the Kyrghyz People's Ethnical History»**

**Speciality: 07.00.02. — History of Kyrghyzstan**
**07.00.07. — Ethnology**

Synopsis of Thesis for the Acquisition of Scientific Degree of the Kandidat of Historical Sciences (Scientific Supervisor: Dr. of History, Prof: Omurkul Karaev). — Bishkek, 1999, 18 p.

This work is dedicated to the study of the ethnical history of the Kyrghyz people based on genealogical legends. The author has exposed legends of the Kyrghyz people's genesis to the thorough analysis, has revealed their significance as the historical and ethnographical source for the study of the Kyrghyz people's ethnogenesis. By means of the information, contained in the genealogical legends, there have been investigated the ethnogenetic relations of the Kyrghyz people with Turks-nomads, inhabiting in Central Asia in the Middle Ages, especially with the ancient Kyrghyz tribes.

The dissertation has been written in the Kyrghyz language and consists of Introduction, two Chapters, Conclusion, List of the Used Literature and Sources, as well as Informants'Lists.



Подписано в печать 1.03.2000. Формат 60×84$^{1}/_{16}$. Объем 1 п. л.
Тираж 100 экз. Заказ 81.

720001, Бишкек, ул. Пушкина, 144,
тип. НАН Кыргызской Республики